Ошко, Ошко

исп. Тотомидин Жолдошев

исп. Сурма Турсунаалы кызы

## ОШКО САПАР

с. Жылдызбек Турсунбаев
о. Тотомидин Жолдошев

Тото:
Таңда жолго чыктым үлгүрүп,
Жүргүнчү кыз келди сүйүнүп.
Сапарыбыз бир болсо эгер,
"Ошко кеттик!"- чоң кыз биригип.

Сурма:
Багытымды мынча оң кылдың,
Байкабастан сизге кол сундум.
Жеткирет деп Ошко ишенип,
Кантип эле дароо олтурдум?

**КАЙЫРМА:**

Сурма:
Ошко барам Ошко,
Байке жолум тоспо!

Тото:
Олтур чоң кыз дароо,
Жеткирейин Ошко.

Сурма:
Башка эч ким жок го,
Күйбөймүнбү отко?

Тото:
Тартпа антип жоопко,
Коркпо чоң кыз коркпо!

Тото:
Ошко кеттик Ошко,
Чоочундарды кошпо!

Сурма:
Олтурайын макул,
Сизде орун бош го...

Тото:
Көзүң жалын чок го...
А жигитиң жок го...?

Сурма:
Суроо бербей байке,
Жеткириңиз Ошко!

Тото:
Сунсамбы деп гүлдүн кызылын,
Бир татсам деп өмүр кызыгын.
Улам карап сени күзгүдөн,
Тилеп барам жолдун узунун.

Сурма:
Кептериңиз турса арналып,
Келатамын сизге арбалып.
Ошко жетсем эмне болот деп?
Жүрөгүмө турам таң калып.